УДК 633

Г. М. Долонова, И.С. Содомбеков
кафедрасынын жетекчиси, ОГПИ;аспирант ОГПИ
G.M.Dolonova, I.S.Sodombekov
Head of the dep.OHPI, aspirant OHPI

ТОЮТ ӨСҮМДҮКТӨРҮН ЖАНА ЖАЙЫТТАРДЫ ПАЙДАЛАНУУДА САЛТТУУ БИЛИМДЕРДИ КОЛДОНУУ

Бул макалада көчмөн малчы байыркы кыргыз элинин табиятка жакындыгы, аяр мамилеси, изилдеп байкоосу, өсүмдүктөрдүн зыяндуу же пайдалуусун аныктап билгендиги жана жайыттарды туура пайдалануудагы салттуу билимдери жөнүндө баяндалды.

Негизги сөздөр:табият, өсүмдүктөр, жайыттар, тоют өсүмдүктөрү, белок, клечатка.

THE USE OF TRADITIONAL KNOWLEDGE IN THE USE OF PASTURES AND FEED CROPS

This article ancient nomadic herder's proximity to nature, the delicate relationship, the study observed, the ability to detect harmful or beneficial to plants and pastures in detail about the proper use of traditional knowledge.

Key words: nature, plants, pasture and forage crops, protein,cellulose.

Тоют өсүмдүктөрү малга тоют катары колдонулуучу жапайы өсүүчү жана адам тарабынан өстүрүлүүчү өсүмдүктөр болуп саналат. Тоют катары өсүмдүктөрдүн бардык тиричилик формалары (дарактар, бадалдар, чөптөр, эңилчектер) жарай берет. Мисалы, жалбырактуу дарактардын бутактары бутактык тоют катары, ал эми ийне жалбырактуулардын бутактарынан тоюттук препараттарды алууга болот. Ал эми эң негизги тоют болуп чоп өсүмдүктөрү саналат.

Тоют өсүмдүктөрү: чанактуу, дан өсүмдүктөрү, өлөң чөптөр жана чөп аралашмасы болуп бөлүнөт. Тоют чөптөрдүн чарбалык маанисин алардын түшүмдүүлүгү, азыктуулугу, ошондой эле жайыттарда жана айдоо аянттарында таралышы аныктайт. Тоют чөптөрдүн азыктык пайдалуулугу анын курамында белоктун жана клетчатканын болушунан көз каранды. Белоктун кармалышы ар кайсы өсүмдүктө ар башка, ал гана эмес бир эле өсүмдүктүн белгилүү бир түрүнүн өнүгүүсүнүн ар кайсы фазасында да айырмаланып турат.

Жашоо узактыгы боюнча тоют өсүмдүктөрү бир жылдык жана көп жылдык болуп бөлүнөт. Бир жылдык тоют чөптөрү жазгы жайыттардын негизин түзгөн эрте гүлдөөчү жана тез жетилүүчү өсүмдүктөр – эфемерлер жарым чөл жана чөл алкактарында кеңири таралган.

Кыргызстанда тоюттун негизги булактары катары көп жылдык чөптөр саналат. Биздин республикада люцерна, эспарцет жана көп жылдык дан өсүмдүктөрү (топтолушкан ак сокто, кылкансыз түбү бош, кызыл от, житняк). Алардан чөп, сенаж даярдашат жана ошондой эле көк кезинде да колдонушат. Булар мал үчүн эң арзан тоют катары бааланып, топурактын түшүмдүүлүгүн арттырууда, калыбына келтирүүдө эң мыкты каражат болуп эсептелет. Тоют чөптөрүн өстүрүү эң пайдалуу иш. Анткени аны айдап-сепкен жылы гана чыгым болуп, ал эми чыккан чөптөрүн 3-10 жылга чейин пайдалана берсе болот.

Кыргыз элинин басымдуу көпчүлүгү совет бийлиги орноп, коллективдештирүү башталганга чейин алты түлүк (төө, жылкы, уй, кой, эчки, топоз) багып, Ала-Тоонун арасында көчмөндүк турмуш өткөрүп келгендиги белгилүү. Алар кыш мезгилинде гана аз убакытка байыр алып, кар аз түшкөн, малга ылайыктуу жерлерде кышташчу. Эрте жаздан тартып кайрадан көчмөн турмуш башталчу. Адегенде тоонун күңгөйлөрүн этектеп,

малдарын көктөтүп, бара-бара жогорулатып бийик тоонун кырларына, төрлөргө чейин көчүп барышчу. Баш оона айынан тартып, жаанда тоо башы кардай башташына байланыштуу бийик жайыттардан төмөндөп аяк оона айында жакага түшө башташкан. Мындай тез-тез орун которуп көчүп жүрүүнүн негизги максаты жайытты туура пайдаланып, малдарын семиз асырап алуу болгон. Ошондой эле бир жайытты жылыга эле мал жайып пайдалана берсе, чөптүн сапаты начарлай бериши шексиз. Ошол себептен жайытты жылыга алмаштырып турууга аракет болгон. Мындай бир жерди “сары журтка” айландырбай улам жаңылап туруунун себеби, жайытка зыян келтирбөө болгон. Бир жерге көпкө отуруп алса кой короолор такырайып кетип, жаан болгондо кой чылага жатып калат жана такыр короонун ордуна кийинки жылы чөп чыкпай калат деген ой менен болгон.

Бүгүнкү күндө мал жайылган жайыттардын ролу Кыргызстандын экономикасы үчүн чоң маниге ээ. Адистердин айтуусунда, Кыргызстан эгемендүүлүккө ээ болгондон бери жайыттарды туура пайдалануу маселеси арткы планда калып, жакшы көңүл бурулбай калган. Жайыттарды ижарага берүү менен эле жоопкерчиликти түртө салуудан улам, жайыттар каралбай, айрым мал үчүн тоюмдуу, пайдалуу болуп эсептелген чөптөр тукум курут болуп, анын ордун аткулак, алтыгана сыяктуу зыяндуу өсүмдүктөр басып бара жатат.

Жайыттар географиялык орду, калктуу конуштан алыстыгы жана мезгилге жараша колдонуу боюнча төмөнкүдөй түрлөргө бөлүнөт.

Малдын туягы көбөйгөндөн, жайытка малды ашыкча оттотуунун жана аны системасыз пайдалануунун негизинде жайыттар деградацияга дуушар болгон. Мониторинг учурунда байкоо жүргүзүү процессинде алынган маалымат боюнча деградацияланган жайыттар 4 747 000 га түзөт, Кыргыз Республикасындагы ар түрдүү даражадагы жалпы аянтынын 54,1 % ээлейт.

Жайыттар аз, орто, өтө пайдаланууга жараксыз болгон жана толугу менен тапталган болуп бөлүнөт:

- пайдаланууга аз жараксыз болгон жайыттардын жер кыртышынын өсүмдүктөр менен капталышы 15-20 % азаят;
- пайдаланууга орто жараксызыныкы – 30-40% азаят;
- пайдаланууга өтө жараксыз болгон жайыттар чөптүн сейрек капталуусу менен айырмаланып -50-60% ке азаят.

Андан тышкары 360 миң га жайыттар – тик беттеги (40 жана андан ашык градустагы тоонун беттериндеги) жайыттар. Алар колдонуудан алынышы керек.

Негизги кесиби мал чарбачылыгы болгон байыркы кыргыз элинин табигатка жакындыгы жана өсүмдүктөр дүйнөсүнө аяр мамиле кылып, муундан-муунга өсүмдүктөрдү изилдеп байкап, алардын зыяндуу же пайдалуусун аныктап, өздөрүнүн керектөөлөрүнө пайдалангандыгы, көчмөн-малчыга табигый көрүнүш.

Кыргыз элинде табигый-климаттык факторлордун таасири астында жайыттарды пайдалануунун белгилүү системасы илгертен эле түзүлүп калган.

Өсүмдүктөр дүйнөсүнүн географиялык алкакка жараша жайгашуу мыйзам ченемдүүлүгү жөнүндө илимий билимге ээ болбой эле, кыргыздар кылымдар бою жүргүзгөн

байкоолорунун натыйжасында тоолуу жайыт жерлерине малды жыл мезгилине жараша жайгаштырууну туура колдонушкан.

Ар түрдүү алкактагы өсүмдүктүн ар түрдүү убакытта өсүшү *жайыттарды ырааттуу түрдө колдонууга* алып келген:

- Көктөө – жазгы жайыттар;
- Жайлоо – жайкы жайыттар;
- Күздөө – күзгү жайыттар;
- Кыштоо – кышкы жайыттар.

Байыркы ата-бабаларыбыз жайыттын кайсы убакта жетилээрин билип, ага малды жаюунун мөөнөтүн туура аныкташкан. Маселен, кыштан кийин өсүмдүктөр түздүк жерлерде жана тоонун этегинде, б.а. төмөнкү тик белдикте жанданат. Жазында дан баштуу өсүмдүктөр түптөнө баштаганда, аралашма чөптөр бутактанганда, жайыт жетилгенде гана малды жая башташкан.

Малды алгач тоо этектеринде жайып, кийинчерээк тоонун тескей жагындагы чөптөр өсүп жетилген мезгилде, жайыт которуп малды ошол жакка жайып барышчу. Бабаларыбыз жайытты пайдалануунун мындай ыкмасынын артыкчылыгын окумуштуулар кийин илимий изилдөөлөр менен далилдешкен:

- тилкеге бөлүп жайганда чөп тегизирээк оттотулат, мал жакшы чөптөрдү тандап жебестен аралашма чөптөрдү да жейт;
- мал жайытты азыраак тебелейт жана тезирээк тоёт;
- аралашма чөптөрдө протеин, минералдык заттар көп болгондуктан малдын кошумча салмагынын көбөйүшүнө шарт түзүлөт;
- жайыттын бир бөлүгүндө малды ооруга чалдыгуу коркунучун пайда кылгандыктан, алдын алуу иш-чаралары туура болот.

Кыргыздар ошондой эле өсүмдүктөрдүн жылдын кайсы мезгилинде тоюмдуулугу жогору болоорун билүү менен малга ылайыктап берген. Мисалы, кышында дан өсүмдүктөрүнө артыкчылык беришкен. Шыбак үстөмдүк кылган жайытты эрте жазда жана күзүндө пайдаланышкан. Малды эрте жазда, кар кетээр замат жайганда өсүп жетиле элек чөптү мал терип жеп, кыртыш нымдуу болгондуктан туягы менен тепсеп кыртышты таптап салат. Дан өсүмдүктөрдүн түптөнүүсү бузулат. Натыйжада өсүмдүктүн өсүүсү начарлап, түшүмү жылдан-жылга азая берет.

Ар кандай шарттар менен начарлаган жайыт жерлерин жакшыртуу үчүн илгери эле кыргыздар өтөктү, кошумча чөптүн уругун себүү жана жайыттарды өргүтүүнү колдонушкан.

Жайыт отунун түшүмү азайып, жердин асылдуулугу кеткен жайыттарга өтөктү уюштурушкан. Өтөк – деген малды жаюунун белгилүү системасын малдарды жайытка түнөтүү жана эс алдыруусун айкалыштыруу менен ишке ашырып, жайытты азыктандыруу ыкмасы.

Жайыттарды өргүтүүнүн чиймеси:



Кыргыздардын жайыттарды пайдалануусунун бул ыкмасына кызыгып орус окумуштуулары “утекование” деген терминди жайыт таануу илимине киргизишкен. Өтөктүн жайытка тийгизген таасири:

- Жайыт аянтында малдын кыгы заарасы менен бирге түшөт;
- Жер кыртышында анын жылуулук кармай турган касиеттерин, суу жана азык режимин жакшыртуучу мульч кабаты пайда болот;
- Койлор оттогондо, жайыт бөлүгүн тебелеп, кыкты топурак менен аралаштырат. Натыйжада, топурак менен кык аралашкан компост сыяктуу тыгыз катмар пайда болот;
- Жердин асылдуулугун жакшыртып, көбөйткөн мироорганизмдердин активдүү ишмердүүлүгүнө шарт түзүлөт;
- Акырында ал жерде жыш, бийик дан өсүмдүктөрү чыгат.

Байыртадан бери кыргыздар жайыт чөптөрүнүн түшүмдүүлүгүн көтөрүү жана чөптүн ботаникалык курамын жакшыртуу үчүн “өргүү” ыкмасын колдонушкан. Өргүй турган жайыттар толугу менен бир мезгилде пайдаланылбайт, же ылайыгы менен кечирээк пайдаланылат. Өсүмдүктөрдүн тамыр системалары калыптанат, вегетациянын аягында аш болумдуу заттардын корун тамырына көбүрөөк топтогонго жетишет, натыйжада кийинки жылдын жазынан тартып жакшы өсүп, жайыт отунун жогорку түшүмдүүлүгүн камсыз кылат. Өргүүгө өтө начардап, чөбү жакырданып кеткен жайыттарды калтырышкан. Азыркы мезгилде кыргыздардын байыркы бул ыкмасын “пастбищеоборот” деген ат менен колдонуп келишүүдө.

Жайыттарды которуштуруу ыкмасын менен малды максималдуу жаюуу мүмкүнчүлүгүнө жетүү жана алардын азыктуулугун сактоо менен сарамжалдуу пайдалануу кыргыз элинин къп кылымдык тарыхында байыртадан бери сакталып колдонулуп келет.

Адабияттар:

1. Андакулов Ж. Жайыт оту – мал чарбанын негизи – Б.: «Деми». 2008. – 166с.
2. Исаков К.И., Исмаилов К.И. Рекомендации по использованию пастбищ Киргизии. – Фрунзе, 1973. -121 с.
3. Н.Килязова, Б.Бараканов Көп жылдык тоют чөптөр: Практ.кеңештер – Б.: 2006.
4. Сельскохозяйственная энциклопедия. Луговодство. – М., 1995; Иванов, А. Ф., Чурзин, В. Н., Филин, В. И. Кормопроизводство.- М., 1996.
5. Шихотов В.М. и др. Рекомендации по рациональному использованию пастбищ Киргизии (с простейшими схемами пастбищеоборотов). – Фрунзе, 1981. – 50 с.